**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

____________________№__________ Бишкек шаары

## Өзүн-өзү көтөрүүчү каптама зымдуу 0,38 кВ чыңалуусундагы аба чубалгыларын пайдалануу боюнча үлгүлүк нускамасын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 4-июну № 319 "Мамлекеттик органдардын укуктук мүнөзгө ээ актыларын кабыл алуу тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык, буйрук кылам:

1. Өзүн-өзү көтөрүүчү каптама зымдуу 0,38 кВ чыңалуусундагы аба чубалгыларын пайдалануу боюнча үлгүлүк нускамасы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгы ушул буйрукту каттоо жөнүндө өзүнчө журналда каттоосун жүргүзсүн жана "Электрондук документ жүгүртүүнүн мамлекеттик системасы" автоматташтырылган маалымат системасына киргизсин.

3. Электр энергетика башкармалыгы:

- ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигининин расмий веб-сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде жарыяласын;

- ушул буйруктун электрондук версиясын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу катталган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде Укук маалыматтарынын борбордоштурулган банкына киргизүү үчүн жөнөтсүн.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө электр энергетика башкармалыгына жүктөлсүн.

004963

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Об утверждении Типовой инструкции по эксплуатации воздушных линий электропередачи напряжением 0,38 киловольт (кВ) с самонесущими изолированными проводами**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О порядке принятия актов государственных органов, обладающих правовым характером» от 4 июня 2025 года № 319, приказываю:

1. Утвердить Типовую инструкцию по эксплуатации воздушных линий электропередачи напряжением 0,38 киловольт (кВ) с самонесущими изолированными проводами согласно приложению.

2. Управлению человеческих ресурсов и делопроизводства произвести регистрацию настоящего приказа в отдельном журнале о регистрации актов и внести в автоматизированную систему «Государственная система электронного документооборота».

3. Управлению электроэнергетики:

- в течение трех дней со дня регистрации настоящего приказа разместить настоящий приказ на государственном и официальном языках на официальном веб-сайте Министерства энергетики Кыргызской Республики;

- в течение семи рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа направить электронную версию через систему электронного докментооборота в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Централизированный банк данных правовой информации.

4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Управление электроэнергетики.

**Министрдин м.у.а.,**
**Министрдин биринчи**
**орун басары** — **Э.К. Ысманов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Ысманов Э.К.

**Макулдашылды:**

| | |
|---|---|
| Министрдин орун басары | Н.А. Керимов |
| Министрдин орун басары | Н.Ж. Усенова |
| Министрдин орун басары | А.Д. Рысбеков |
| Укуктук камсыздоо<br>бөлүмүнүн башчысы | Ч.К. Уркунчиев |
| Электр энергетика<br>башкармалыгынын бышчысы | Ө.Ж. Жеңишбеков |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Ысманов Э.К.

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин
2025-ж. “___”-________

№ _________________
буйругуна

**Өзүн-өзү көтөрүүчү зымдары капталмаланган 0,38 киловольттогу (кВ) чыңалуусундагы аба чубалгыларын пайдалануу боюнча үлгүлүк нускамасы**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Үлгүлүк нускама Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө зымдары капталмаланган 0,38 кВ зымдуу аба чубалгыларын (КАЧтар) куруу жана пайдалануудагы топтолгон тажрыйбаларын эске алуу менен түзүлгөн.

Ушул Үлгүлүк нускама энергетикалык ишканалардын жана башка 0,38 кВ КАЧтардын техникалык тейлөөнү жана оңдоону жүргүзгөн уюмдардын кызматкерлерине арналган.

Ушул Үлгүлүк нускаманын негизинде ишкерсандардын ишкерлик деңгээлин, 0,38 кВ КАЧтарды пайдалануунун так шарттарын, колдонулуучу жумуштардын ыкмаларын жана колдонуучу механизмдерин, шаймандарын жана ыкташтырмаларын эске алуу менен жергиликтүү нускамалар түзүлүшү мүмкүн.

2. Ушул Үлгүлүк нускама 0,38 кВ КАЧтардын техникалык тейлөөлөрүн жана оңдоолорун жүргүзүү жана уюштуруу боюнча талаптарды жана сунуштарды, ошондой эле кээ бир сунушталган оңдоо иштеринин түрлөрүн жүргүзүү тартибин өзүнө камтыйт.

3. 0,38 кВ КАЧтарды техникалык тейлөөдө жана оңдоодо Электр орнотмолорун пайдалануудагы коопсуздук эрежелеринин жана ушул Үлгүлүк нускаманын талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

4. 0,38 кВ КАЧтарды пайдаланууга кабыл алуу курулган объекттерин пайдаланууга кабыл алуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

## 2-глава. 0,38 кВ КАЧтардын түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү

5. КАЧтар - бул капталмаланып бир боого чыйралган зымдардан (ӨӨККЗ) турган 0,38 кВ чыңалуусундагы таянычтарда бөлмөлөрдүн тыштарында, курулмалардын имараттарынын тамдарынын боору менен же

алардын ортолору менен зымчыныларсыз атайын арматууураларды колдонуу менен тартылган электр берүүчү аба чубалгысы.

0,38 кВ КАЧтар башка 0,38-20 кВ аба чубалгылардын таянычтарына кошо илиниши мүмкүн.

6. 0,38 кВ КАЧтарды куруу үчүн жыгач таянычтар колдонулбайт.

7. Бир боого топтолуп чыйралган зымдар төмөндөгү түзүлүштөрдө аткарылышы ыктымал:

- капталмаланган фазалык зымдар капталмаланган көтөрүп туруучу нөлдүк зымдын тегерегине оролгон;

- капталмаланган фазалык зымдар капталмаланбаган көтөрүп туруучу нөлдүк зымдын тегерегине оролгон;

-капталмаланган фазалык жана нөлдүк зымдар көтөрүп туруучу зымсыз чыйралып жасалган;

- капталмаланган фазалык жана нөлдүк зымдар көтөрүп туруучу болуп эсептелинет.

ӨӨККЗынын түзүлүшүнө, керек болгон учурда, текшерүүчү жана жарыктандыруучу зымдар кошулушу мүмкүн.

8. Фазалык зымдардын тамырчатарамдары алюминийден жасалат, көтөрүп туруучу нөлдүк зымдын тамырчатарамы- алюминийдин кошулма эритмесинен жасалат.

9. Зымдардын капталмалоочу кабыкчасы кара түстөгү, жарыкка турукташкан, атмосфералык өзгөрүүлөргө туруктуу полиэтиленден жасалат.

10. КАЧтарда өзүн-өзү көтөрүп туруучу зымы бар же ансыз ӨӨККЗлар колдонулат.

Көтөрүп туруучу зымы жок жасалган ӨӨККЗлар бир гана имараттарга же курулмаларга тартылуучу бутактамаларда колдонулат, мында эки аралык 20 метрден ашпашы керек.

11. Ар кандай түзүлүштө аткарылган ӨӨККЗлардын техникалык мүнөздөмөлөрү тийиштүү ченемдик-техникалык иш кагаздарда көрсөтүлөт.

12. ӨӨККЗлардын үлгүлүк белгилөөлөрү төмөндөгүдөй аткарылышы мүмкүн:

- «Иркутсккабель» АКысы тарабынан жасалып чыгарылган зымдардын бүткүл узундугу боюнча (ӨӨККЗ-2А түрүндөгү) каптамага жуулуп кетпес сыр менен үзгүлтүксүз узатасынан ар түстөгү тилкелер басылып коюлат, же болбосо 1, 2 жана 3 деген сандар басылат;

- Торсада фазалык зымдарынын бүткүл узундугундагы каптамасына жуулуп кетпес сыр менен же 1, 2 же 3 сандарын аралыктары 1мден, сырткы жарыктандыруу зымдарында «Ep 1» же «Ep 2м» маркерлери жогорудагыдай эле аралыкта, көтөрүп туруучу нөлдүк зымдын каптамасына зым жасалган – «RETILENS 268» үлгүчендин негизиндеги катарсаны басылат;

- АМКА, ӨӨККЗ-1, ӨӨККЗ-2 зымдарынын фазалык тамырчатарамдарынын каптамаларына узатасынан үзгүлтүксүз чыгып туруучу кыр салынат: фазалык зымдарда 2, 3 же 4 узатасынан жарыш

жайгашкан кырлары болот (капталмаланган  көтөрүп туруучу нөлдүк зымы бар АМКА-Т түзулүшүндөгү зым бир эле кырдуу болот).

Башка жасап чыгаруучу заводдордун зымдарынын белгилениши даректүү зымдын түрүнө жараша техникалык иш кагаздарда келтирилет.

13. 0,38 кВ КАЧтарды куруу атайын арматураларды колдонуу менен даректүү зымдын түрүнө арналган аспаптар жана ыкташтырмалардын жардамы менен жүргүзүлөт.

14. ӨӨККЗны таянычтарга кошуу жана илүү үчүн, имараттардын жана курулмалардын бет маңдайларына тартуу үчүн арматуралардын техникалык мүнөздөмөлөрү даректүү фирмалардын жана жасап чыгаруучу заводдордун техникалык иш-кагаздардында келтирилген.

## 3-глава. 0,38 кВ КАЧынын техникалык тейлөөлөрү жана оңдоолору

### § 1. Техникалык тейлөө

15. 0,38 кВ аба чубалгыларына техникалык тейлөө төмөнкү таблицага ылайык жүргүзүлөт:

| **Иштердин аталыштары** | **Мезгилдүүлүгү** | **Эскертүүлөр** |
|---|---|---|
| 1. Кароолор: | | |
| - мезгилсиз кароо | Өзгөчө кырдаалдардан кийин | Оңдоолордун көлөмүн аныктоо үчүн кароо баракчасы толтурулат) |
| - оңдоолордон кийинки кароо | Калыбына келтирүүчү оңдоолордон кийин | Жасалып бүтпөй калгандыктардын көлөмдөрүн аныктоо үчүн |
| - оңдоолордон кийинки кароо | Оңдоолор бүткөндөн кийинки | Ондоолордун сапатын аныктоо үчүн |
| - пландык кароо, анын ичинде инженердик-техникалык кызматкерлердин катышуусу менен үстүнкү текшерүү | Жылдык графигине ылайык, ремонт жүргүзүлгөнгө чейинки жылдын ичинде | Оңдоонун көлөмүн аныктоо үчүн кароо баракчасы толтурулат жана сметалар жана спецификациялар түзүүлөт |

| | | |
|---|---|---|
| 2. Тирөөчтөрдүн жана алардын бөлүктөрүнүн абалын текшерүү: | | |
| - жыгач таянычтардын жана анын бөлүктөрүнүн чиригендигинин деңгээлин текшерүү | - ар дайым таянычка чыгаардын алдында;<br>- пландык кароонун жүрушүндө 1-пунктун негизинде, бирок 3 жылдын ичинде бир жолу кем эмес | Жыгач таянычтардын абалын көзөмөлдөө үчүн жыйынтык тизеси толтурулат |
| - темир-куйматаш таянычдардын, анын бөлүктөрүнүн, темир-куйматаш жалгамаларынын абалын текшерүү | - таянычка чыгаардын алдында ар дайым;<br>- кароолордун жүрушүндө 1-орунбелгиге жараша 6 жылда 1 жолудан кем эмес;<br>- бөлүктөрүн алмаштырып оңдоп-кайра калыбына келтирүү учурунда | Бузулуулардын жыйынтык тизмеси түзүлөт |
| 3. Таянычдардын жердетүүлөрүнүн абалын текшерүү | Пландык кароолордун жүрушүндө 1-пунктуна жараша 6 жылда 1 жолудан кем эмес | Бузулуулардын жыйынтык тизмеси түзүлөт |
| 4. «Фаза-нөл» илмегинин каршылыгын өлчөө | - жаңы керектөөчүлөрдү кошкон учурда;<br>- сактагычтын эричуу кыстармасын же автоматтык өчүргүчтүн орнотулган жерин алмаштырууну талап кылган ток күчөгөндө | «Фаза-нөл» илмегинин каршылыгынын өзгөрүүсүнө алып келүүчү жумуштар жүргүзүлгөн учурда |

| | | |
|---|---|---|
| 5. Зымдарды жана арматураларды текшерүү: | | |
| - зымдардын аралыктарын текшерүү, башка инженердик курулмалар менен кесилишкен жерлердеги аралыктарынын жакындашууларын текшерүү | Кароолор учурунда | КАЧтын күбөнаамасында тариздел ет жыйынтык тизмесин толтуруу менен |
| - жалпы таянычка кошо илинген башка АЧлардын жана КАЧтын зымдарынын жакындашуу аралыктарын текшерүү | - « - | - « - |
| - бутактоочу кыскычтардын коргоочу каптамаларынын, коргоочу  каптарынын, капталмаланган зымдардын бош учтарындагы учтук калпакчаларынын бар экендигин жана абалдарын текшерүү | - « - | - « -- « - |
| - омоктук кыскычтардын жана алардын капталмаланган бөлүктөрүнүн бузулууларынын жоктугун текшерүү | - « - | - « - |
| - кошуучу кыскычтардын жана алардын капталмалануучу тыштарынын бузулууларынын жоктугун текшерүү | - « - | - « - |
| - кармап туруучу кыскычтардын, алардын таянычка бекитүүчү түйүндөрүнүн абалдарын, | - « - | - « - |

| | | |
|---|---|---|
| капталмалоочу кыстармаларынын бар экендиктерин текшерүү | | |
| - зымдардын каптамаларынын дарактарга, өзүнчө бутактарга тийишкен жерлеринин абалын, жана жыгылуулары КӨКЗлардын механикалык бузулууларына алып келүүчү КАЧты бойлой турган дарактардын бар экендиктерин текшерүү | - « - | - « - |
| - зымдар менен жабдууларды жана жер астындагы каптама зымдарды (кабелдерди) кошуучу кыскычтардын жана арматуралардын бузулууларынын жоктугун текшерүү | - « - | - « - |
| 6. Экара кошуучу түзүлүштөрдүн, кошоор-сактагычтарынын, алардын коргоочу каптарынын, таянычка бекитүүчү түйүндөрүнүн абалдарын текшерүү | - « - | - « - |
| 7. Дүрмөтсүздөндүргүчтөрдүн абалын текшерүү | - « - | - « - |
| 8. Керек болгон учурларда жүргүзүлүүчү кээ бир жумуштар: | - « - | - « - |
| - зымдарды же зымдын каптамаларын жабыркатуу коркунучун туудурган кээ | Керек болгон учурларда | КАЧтын күбөнаамасында тариздел‌ет |

| | | |
|---|---|---|
| бир дарактарды кыюу, бутактарды кесүү | | |
| - таянычдардын бузулган бөлүктөрүн алмаштыруу | - « - | - « - |
| - таянычдарды түздөө | - « - | - « - |
| - таянычдардын чуңкурларындагы топурактарды тыгыздап таптоо | Керек болгон учурларда | Бузулуулардын тизмектемесин толтуруу менен |
| - зымдарды чоюп тартуу | - « - | - « - |
| - жердетүүчү түзүлүштөрдүн, чагылгандан коргоочу жердетмелердин жана нөлдук зымдын кайталанган жердетмелеринин абалдарын текшерүү, үзүлгөн жердетүүчү өткөргүчтөрдү алмаштыруу | - « - | - « - |
| - кыскычтардагы жабыркаган коргоочу каптарды жана капталмаланган зымдардын бош учтарындагы калпакчаларды алмаштыруу жана жок жерлерине орнотуу | - « - | - « - |
| - зымдардын капталмаларынын жабыркаган жерлерине каптпалмалап бекитүүчү тасмаларды каптоо | - « - | - « - |
| - жок болгон кырчоолук каамытчаларды же | - « - | - « - |

| | | |
|---|---|---|
| бекитүүчү тасмаларды омоктук, кармап туруучу, кошуучу жана башка кыскычтарды бекиткен жерлерине орнотуу | | |
| - зымдарга болгон узак мөөнөткө жол берилген жүктөлүштөрдүн туура келишин аныктоо үчүн КАЧтардын жогорку жүктөлүштөрүн өлчөө | - « - | - « - |

16. КАЧтардын кароолору ирээткинин негизинде күндүзгү убакта жүргүзүлөт.

17. Келээрки жылдын оңдоолор болжомуна киргизилген КАЧтардын кароолору жумуштардын, керектүү материалдардын жана жабдуулардын көлөмдөрүн тактоо үчүн жүргүзүлөт.

18. Бийиктиктен кароолордо илмектер, тирөөчтөр, кармап туруучу, омоктук (акыркы учтук), кошуучу жана бутактоочу кыскычтар, коргоочу каптар жана калпакчалар, фазалык жана көтөрүп туруучу нөлдүк зымдардын каптамаланышы текшерилет, бөтөнчө кыскычтар орнотулган, жердетүүчү өткөргүчтөрдүн зым менен кошулган жерлеринде.

19. Өзгөчө кырдаалдардан кийинки кароолор (шамаалдын, муз каптоолордун ченемделип эсептелингенден ашыкча жүктөлүштөрү, КАЧтардын бөлүктөрүндөгү дарыялардын тоз каптоолору, ташкындоолору, КАЧтарга жакын өрт чыгуулар, жер көчкүлөр, бороондор ж.б.) бул кырдаалдардан пайда болгон бузулуулар жана жабыркоолордун пайда болушун, ошондой эле бак дарактардын зымдарга жана таянычдарга жыгылып түшүүлөрүнөн пайда болгон бузулууларды аныктоо үчүн жүргүзүлөт.

20. Таянычдардын жыгач бөлүктөрүнүн абалдарын баалоо атайын аспаптар жана ыкташтырмалар менен тирөөчтөрдүн жана жалгамалардын жол берилбеген чирүүлөрүнүн, бөлүктөрүнүн күйгөндүгүн аныктоо максатында жүргүзүлөт.

21. Темир-куйматаш таянычдардын жана жалгамалардын абалдарын текшерүү арматууралардын ачылып калышын, куйматаштын жарылууларын, тирөөчтүн жол берилбеген ийилүүлөрүн аныктоо максатында жүргүзүлөт.

22. Таянычдардын жерге көмүлүшүнүн сапатын текшерүү аралык таянычдардын кыйшаюуларынын чоңоюп кетүүлөрүн жана омоктук таянычдардын бышыктыгын аныктоо максатында жүргүзүлөт.

23. Таянычдардын жердетүүлөрүнүн абалын текшерүүдө каршылыктын жогорулаган маанилери жана жердетүүчү чөйрөсызыктын бузулуулары аныкталат.

24. ӨӨККЗлардын аралыктары жана башка АЧлардын зымдарына болгон аралыктары аларды бир таянычка кошо илгендеги, ар кандай курулмаларга чейинки аралыктарын текшерүү жерге чейинки аралыктардын бузулууларын, жакындашуулардын, кесилиштердин аралыктарын, ошондой эле имараттардын жана курулмалардын тамдарына жана башка бөлүктөрүнө чейинки жарыктыктагы аралыктардын бузулууларын аныктоо үчүн жүргүзүлөт.

25. «Фаза-нөл» илмегинин каршылыгын өлчөө, «фаза-нөл» илмегинин каршылыгынын маанилеринин коюлган талаптарга туура келишин аныктоо үчүн жүргүзүлөт.

## § 2. Оңдоолор

26. КАЧтарды техникалык жактан оң абалда кармап туруу үчүн алардын толук жана утурумдук оңдоолорун жүргүзүп туруу зарыл. КАЧтардын оңдоолору ТИПЭнин негизинде бекитилген жылдык жана көп жылдык ирээткилерге жараша жүргүзүлөт. Оңдоолордун көлөмдөрү кароолордун жана сыноолордун жыйынтыктары боюнча аныкталат жана бөлүмдүн жылдык бизнес-планына киргизилет.

27 Оңдоолорду чубалгынын техникалык абалына жараша, белгиленген мезгилдүүлүктөгү убакыттарда (жыгач таянычдарда орнотулган КАЧтар) 6 жылда бир жолудан кем эмес жана 12 жылда бир жолудан кем эмес убакытта (темир-куйматаштуу таянычдагы КАЧтар үчүн) жүргүзүп туруу сунушталат.

Оңдоолорду жүргүзгөн учурда ошол жылга болжомдолгон техникалык тейлөөлөрдүн баардык жумуштары аткарылат, ошондой эле төмөндөгү оңдоо иштеринин түрлөрү:

- КӨЗынын зымдарынын аралык, омоктук, омоктук-акыркы таячнычдардагы бекиткичтерин алмаштыруу;
- көтөрмө коргоочу жердеткичтин ыңгайлаштыргычын орнотуу;
- ӨӨККЗнын каптамасынын жабыркаган жерин калыбына келтирүү (оңдоо);
- бутактоочу тешүүчү кыскычты алмаштыруу (орнотуу);
- негизги КАЧтардан үйгө бутактап кетүүчү КАЧтарды ӨӨККЗлардын жылчыксыздандырылган тешүүчү кыскычтарын колдонуу менен алмаштыруу;
- капталмаланбаган зымдуу негизги АЧлардын КАЧ бутактамаларын алмаштыруу;
- ӨӨККЗ зымдарынын жабыркаган бөлүгүн алмаштыруу;
- негизги КӨКЗ зымынын тамга бекитилүүчү илмегин алмаштыруу;

- үйлөрдүн тамынын боорундагы бутактоочу зымдын омоктук тирөөчүн алмаштыруу;

- ӨӨККЗ-2ни тамдын беткей жагы менен беткейлик кармап туруучу тирөөчтөрдү колдонуп тартуу;

- тамдын боору менен тартылган ӨӨККЗ зымынын бөлүгүн аралык абал бекиткичти колдонуп алмаштыруу;

- ӨӨККЗ-2 зымын алмаштыруу (узундугу 1км болгон);

- негизги КАЧтын ӨӨККЗзымынын бөлүгүн алмаштыруу;

- таячнычтардын кээ бир бөлүктөрүн (жыгач же темир-куйматаш таячнычтын негизги тирөөчүн, жалгамаларын, бир тирөөчтүү жыгач же темир-куйматаш таячнычтарын, татаалдашкан бир тирөөчтүү (эки тирөөчтүү) таячнычтарды, таянычтарды, кыяпкарыларын, жалгамалардын кырчоолорун) алмаштыруу;

- жабыркаган обочолоткучтарды (зымчыныларды) алмаштыруу;

- ӨӨККЗ зымынын октон кыйшайган салаңтыгын жөндөө.

Жердетүүчү түзүлүштөрдү, жана жердетүүчү түшмөлөрдү оңдоо кечиктирилгис түрдө жүргүзүлүшү керек.

28. Оңдоо иштери технологиялык (иш алып баруу ыкмаларынын) карталары боюнча жүргүзүлүшү керек.

Зымдар менен байланычтуу оңдоо иш аракеттерин аткаруу учурунда тамырчатарамдардын капталмалоочу тыштарынын бүтүн сакталышына тыкан көз салып туруу жана анын жабыркоолоруна жеткирбөө чараларын көрүү керек. ӨӨККЗ зымынын оңдоочу коймолорун пайдаланган учурда (ӨӨККЗ зымынын бөлүгүн алмаштырганда) оңдоочу коймонун тамырчатарамынын кесилиши алмаштырганга чейин турган КАЧтагы зымдын жабыркаган тармырчатарамдарынын кесилиштеринен кем болбошу керек. Оңдоолордогу кээ бир жумуштардын түрлөрүн жүргүзүү тартиптери бул Нускаманын 4-бөлүгүндө келтирилген.

29. Фазаларды бирдейлештирүүдө (фазировкалоодо) бар болгон заводдук фазалардын белгилөөлөрүн пайдалануу керек.

30. Оңдоолор аяктагандан кийин аткарылган жумуштарды кабыл алуу керек; зымдардын тамырчатарамдарынын капталмалоочу каптоолорунун бүтүндүгү каралып текшерилет; жабыркаган жерлери аныкталса, жабыркаган бөлүктөрүнө эки катар капталмалоочу чапталма тасма оролот, ал эми керек болгон учурда зымдын бөлүгү жаңыга алмашылат; кабыл алуу актысы түзүлөт.

31. 0,38 кВ КАЧтарды куруу, жаңыртып кайра куруу же оңдоо учурларында техникалык көзөмөлдөө жүргүзгөндө пайдалануучу ишкерсандар чубалгынын долбоордон кетирилген кыйшаюуларын (четтөөлөрүн), бузуктарын аныктап жана алардын жоюулушун талап кылышы керек.

Өзгөчө көңүлдү, зымдардын каптамаларынын сакталышына, тартуучу, кармап туруучу, кошуучу, бутактоочу жана башка кыскычтардын

түрлөрүнүн туура орнотулушуна, коргоочу каптардын бүтүндүгү жана бар экендиктерине буруу керек.

32. 0,38 кВтук КАЧтардын техникалык тейлөөлөрүндө жана оңдоолорунда керектөөгө сунушталган ыкташтырмалардын, шаймандардын тизмеги 1-тиркемеде; ӨӨККЗларды орнотууда жана оңдоого керектелүүчү атайын ыкташтырмалардын, түзүлүштөрдүн жана аспаптардын тизмеги 2-тиркемеде келтирилген.

33. Зымдуу берүүлөрдүн жана байланыш чубалгыларынын зымдары менен кошо илинген 0,38 кВтук КАЧтардын техникалык тейлөөлөрүн жана оңдоолорун Электр орнотмолорун пайдалануудагы коопсуздук эрежелеринин талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

## 4-глава. Оңдоолор учурундагы кээ бир жумуштарды аткаруу тартиптери

### § 3. Таячнычтагы омоктук (акыркы учтук) кыскычты оңдоо

34. Омоктук (акыркы учтук) кыскычтын тулкусу, анын конустук бойшакеги же пластмасса шынаалары жабыркаганда кыскыч алмаштырылууга же оңдолууга муктаж. Жумушту баштаардын алдында омоктук (аяккы) таячнычты кароо жүргүзүлөт, жана керек болгон учурда аны зымдын тартылуусуна каршы тараптан теңдештирүү күчүндө тарттырып бекитүү керек.

35. Кыскычты оңдоо өчүрүлгөн чубалгыда же чыңалуу астында (технологиялык карталар боюнча) жүргүзүүгө болот гидрокөтөргүч же телемунараны колдонуу менен 34 ÷ 43- орунбелгилерде көрсөтүлгөн тартипте.

36. Таячнычтын башында (кыскычтын тирөөчүнөн бир аз өйдөөрөк) каамытчалардын жардамы менен жардамчы тирөөч же зымаркан илмеги орнотулат, алардын бекемдиги 500 даНдан кем болбошу керек.

37. Фазалык зымдар көтөрүп туруучу нөлдүк зымдан кыскычка жакын жайгашкан бекиткич тасмаларын же каамытчаларын чечүү менен бошотулат.

38. Көтөрүп туруучу зымдагы кыскычтан 0,5мден кем эмес аралыкта орнотуучу кыскыч бекитилет. Орнотуучу кыскычтын түзүлүшү КАЧта илинген зымдын түрүнө туура келиши керек. Кыскычтын бекемдиги 500 даНдан кем болбошу керек. Кошуучу ийилмеиймектердин жардамы менен орнотуучу кыскыч жардамчы кыскычта бекитилген кол тарткысы же көптарткысы менен кошулуп бириктирилет. Кол тарткынын жана көптарткынын көтөрүү мүмкүнчүлүгү 550 даНдан кем болбошу керек.

39. Колтарткынын (көптарткынын) жардамы менен көтөрүп туруучу нөлдук зымда омоктук кыскычты бошотууга мүмкүнчүлүк берүүчү тартылуу түзүлөт. Кыскычтын ийилме болот зымарканы чечилет.

40. Зымдан омоктук кыскыч чечилип алынат, ал үчүн:

- ажырымдык кыскычта бурамалары бошотулат (же толугу менен чечилип коюлат);

- ажырымдык эмес кыскычта жыгач балка менен конустук бойшакек же пластмасса шынаалары уруп чыгарылат.

41. Капталмаланган көтөрүп туруучу нөлдүк зымы бар КӨКЗны илгенде нөлдүк зымдын омоктук кыскычка бекилген жериндеги капталмалоочу тышын кароо керек. Каптамада жабыркоонун издери аныкталса (жарылуулар, диаметринин кичирейиши), зымдын бул бөлүгүнө эки катар капталмалоочу жабышкак тасма оролот, ал эми керек болгон учурда зымдын бөлүгү жаңыга алмаштырылат.

42. Капталмаланбаган көтөрүп туруучу нөлдүк зымы менен болгон КӨКЗны илгенде, нөлдүк зымдан чечилип жаткан кыскыч турган жердеги тамырчатарамдын абалы текшерилет жана зымдын кээ бир тарамдары үзүлгөн учурда зымдын бул бөлүгү жаңыга алмашылат.

43. Жаңы омоктук кыскыч орнотулган учурда төмөндөгү ирээттүүлүктү сактоо керек:

- орнотулуп жаткан кыскычтын түрүнүн ӨӨККЗынын түрүнө жана кесилишине туура келишин жана анын бүтүндүгүн текшерүү;

- зымдардын өрүмүнөн пластмасса шынаалардын жардамы менен көтөрүп туруучу нөлдүк зымды бөлүү;

- жаңы кыскычтын орнотулуучу жерин аныктап белгилөө.

Андан аркы иш жүрүштү ӨӨККЗынын түзүлүштүк аткарылышына жараша 42- же 43-пункттарда көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт.

44. Капталмаланган нөлдүк көтөрүп туруучу зымдуу түзүлүштөгү КӨКЗларда омоктук кыскыч зымдын капталмалоочу тышынын үстүнөн орнотулат, мындай учурда:

- кыскычтын тулкусунан пластмасса шынааларын түртүп чыгарып зым үчүн бош орун түзүү керек;

- кыскычты көтөрүп туруучу зымдын алдын ала белгиленген жерине орнотуу керек;

- акырындык менен кыскычтын тулкусуна шынааларды зым менен чогуу киргизүү керек, акыркысы кыскычта кысылып калганга чейин;

- кыскычтын ийилчээк зымарканчасын илгичтин тирөөчүнө орой алып учун тулкуга киргизүү керек. Пластмасса шынаалар кыскычтын төмөн жагында жайгашуусуна көзөмөл кылуу керек;

- көтөрүп туруучу зымдагы тартылууну колтарткы (же көптарткы) менен жайыраак азайтуу керек. Кыскычтагы шынаалардын жайгашуусуна зымдын тартылуу күчү толугу менен жаңы омоктук кыскычка өткөнчө көзөмөл кылуу керек;

- орнотуучу кыскычты, колтарткыны, жардамчы тирөөчтү чечүү керек;

- бекитүүчү тасмаларды же каамытчаларды орнотулган кыскычтын алды жана арт жагына орнотуу;

- көтөрүп туруучу нөлдүк зымдын кыскыч орнотулган жериндеги капталмалоочу тышын карап көрүү;

- көтөрүп туруучу зымдын бош учун кесип (керек болгон учурда) жана анын башына капталмалоочу калпакча кийгизүү керек.

45. Капталмаланбаган көтөрүп туруучу нөлдүк зымдуу ӨӨККЗнын түзүлүшүндө омоктук кыскычты төмөндөгүдөй тартипте орнотуу сунушталат:

- кыскыч орнотула турган жерди кошулбас майлочу май менен майлап жана абдан дыкаттыкта темир сүрткү менен тазалоо керек; майлоочу майдын катмарын кыскычтын тийимине үстүртөн шыбап коюу керек;

- омоктук кыскычтын бурамаларын бурап (же бошотуп) жана кысуучу калакча четке бурулуп коюлат. Кыскычты жарым илмек менен омоктук (аяккы) таячнычтын илгичи жакка буруп, кысуучу калакчаны ордуна орнотуп жана бурамаларын тартып бекитилет. Бурамалардын тартылуу учуру техникалык иш кагаздарда же кыскычтын тулкусунда көрсөтүлгөн маанилерге туура келиши керек. Кыскычтын бурамаларынын тартылуу учуру динамометрикалык ачкыч менен көзөмөлдөнөт;

- көтөрүп туруучу зымдагы тартылуу күчүн колтартма (көптартма) менен жай азайтуу керек, зымдын тартылуу күчү толугу менен омоктук кыскычка өткөн учурга чейин;

- орнотуучу кыскычты, колтартманы, жардамчы бөлүктөрдү чечип алуу;

- абал бекиткич тасмаларды же каамытчаларды кыскычтын алды жана арт жагына орнотуу;

- жаңы кыскыч орнотулган жерин карап текшерүү.

## § 4. Имаратка, курулмага бутактоочу зымын оңдоо

46. Имаратка же курулмага болгон бутактаманы оңдоо бутактоочу зымдын каптамасынын анын узундугунун 20% дан ашпаган бөлүгү жабыркаган учурда же бутактоочу жана акыркы (учтук) кыскычтардын бузулуп же сынган учурларында жүргүзүлөт.

Бутактоочу зымдын толук узундугунун 20%дан ашкан бөлүгүндө каптамасы жабыркаган учурда зым толугу менен алмаштырылат.

47. Жумуштар чубалгыны өчүрүү менен, ошондой эле чыңалуу астында (технологиялык карталар боюнча) жүргүзулушү мүмкүн.

Оңдоолорду чыңалуу астында жүргүзгөн учурда кардарлардын жүктөмдөрү өчүрүлгөн абалда турушу керек.

48. Бутактоолор, эреже катары, бутактоочу жана омоктук (аяккы учтук) кыскычтарды пайдалануу менен ишке ашырылат.

Бутактоонун зымдарын ажыратууну фазалык зымдардан баштайт, мындай учурда атайын шынаалар менен алар КӨКЗынын өрүмүнөн ажыратып алынат.

Ажыратуу иш жүрүшүн төмөндөгү ирээтте жүргүзүү сунушталат:

- бутактоочу кыскычтын коргоочу кабынын үстүнкү бөлүгүн чечип, учтук же үстөмдүк ачкыч менен зымды кыскычка бекитүүчү бураманы (бир нече бураманы) бошотуп, кыскыч орнотулган жеринен жылдырылат, каптаманын тешилген жери (эгерде КАЧта капталмалоочу тышты тешүүчү кыскычтар колдонулса) же зымдын капталмаланбаган (эгерде КАЧта жылмакай тийимдүү тыштары менен болгон кыскычтар пайдаланылса) бөлүгү көрүнгөндөй кылып. Акыркы учурда зымдын бул бөлүгүн коргоочу пластмасса бастыргысы менен жабуу керек, кокусунан ага тийип кетүүнү болтурбоо үчүн. Атайын жабышкак тасма менен каптаманын тешилген жерин ороп коргоп коюу керек;

- кыскычтан бутактоочу зым алынып ташталат;

- негизги зымдан кыскыч чечилип алынат.

Ушундай эле иш жүрүштөр көтөрүп туруучу нөлдүк зымда орнотулган бутактоочу кыскыч менен жүргүзүлөт.

49. Таячнычтагы илменин тирөөчүндөгү омоктук кыскыч чечилип алынат. Мындай учурда зымдын жерге же башка чубалгылардын зымдарына түшүп кетүүсүн болтурбоого чара көрүлүшү керек, мисалы коопсуздоочу арканды колдонуу менен. Зымдар жерге тушүрүлүп, алардан омоктук кыскыч чечилет. Андан кийин ушундай эле иш жүрүштөр кардар жагынан жүргүзүлөт – бутактоочу кыскычтан зым чыгарылып жана омоктук кыскыч чечилет.

50. Жабыркаган бутактоочу (же омоктук) кыскычты алмаштырып жана бутактама жогору жакта көрсөтүлгөнгө карата тескери ирээтте калыбына келтирилет.

51. Бурама тартылгандан кийин же негизги зымдагы бутактоочу кыскычтын тактама бурамасынын башы жулунган учурдан тартып (эгерде зымдын каптамасынын тышын тешүүчү кыскыч колдонулса) бул бурама жана бутактаманын тийиштүү зымы чыңалуу астында болуп калат.

52. Фазалык же көтөрүп туруучу нөлдук зымдын кээ бир бөлүктөрүндөгү капталмалоочу тыштарын оңдоо чыңалуу астында жүргүзүлөт, эгерде зымдын бул бөлүгү толугу менен алмашылбаса.

Зымдын капталмаланбаган бөлүктөрүнө, өзүнчө шынааларды жана капталмалоочу бастыргыларды колдонуу менен капысынан тийүүлөрдү болтурбоого чараларды көрүү керек.

Оңдоолор жабыркаган бөлүккө атайын чапталма капталмалоочу тасманы эки катмар кылып ороону өзүнө камтыйт. Жумушту жеңилдетүү үчүн жабыркаган зымды өрүмдөн бөлүүчү пластмасса шынаалар менен ажыратып алышат, алар оңдоолор бүткөндөн кийин алынып салынат.

## § 5. Фазалык зымдын таячнычтардын аралыгындагы жабыркаган бөлүгүн оңдоо

53. Фазалык зымдардын бирөөнүн бөлүгүнүн механикалык жабыркоолору же күйүп калышы аныкталган учурда (узундугу боюнча

өрүмдүн эки оромунан чоң эмес) бул зымды оңдоо керек, өрүмдүн оромун толугу менен алмаштырбай эле. Оңдоолор үчүн бутактоочу кыскычтар пайдаланылат. Зымдын бөлүгүн чубалгынын өчүрүлгөн абалында да, ошондой эле чыңалуу астында да оңдосо болот телемунараны же гидрокөтөргүчтү колдонуу менен.

54. Оңдоону төмөндөгү тартипте жүргүзүү керек:

- зымдын жабыркаган бөлүгүн боонун оромунан пластмасса шынаалар менен ажыратып алуу керек;
- жабыркаган бөлүктүн узундугу аныкталат;
- алмаштырылуучу зымдан узундугу боюнча 10-15 смге узунураак жаңы зымдын кесиндиси даярдалып алынат (жаңы зымдын түрү, кесилиши жана үлгүлүк белгилери алмашылуучу зым менен бирдей болушу керек);
- оңдолуучу зымда бутактоочу кыскычтын орнотулчу жерин аныктап белгилеп алуу керек;
- жаңы зымдын кесиндисинин орнотулуучу багытына жараша кыскычтын абалын аныктоо керек.

55. Зымдын капталмалоочу тышын тешүү менен тийимди камсыздаган бутактоочу кыскычтардын ар кандай түрүн колдонуп кошкон учурда зымды каптамасынан ажыратуусуз төмөндөгүдөй тартипте жүргүзүү керек:

1) Торсада же ошого окшош РФда жасалып чыгарылган зымдар үчүн PZ түрүндөгү кыскычтар:

- жаңы зымдын эки учун тең кыскычтын сайлары менен коргоочу калпакчалардын түптөрүнө такалганча киргизилет;
- жаңы зым кыскычтары менен акыркылардын орнотулчу жерине алынып келинет (оңдолуучу зымдын жабыркабаган жерине);
- оңдолуучу зым кыскычтын бош сайчасына жаткырылат;
- кыскычтардын бурамалары тартылып бекилет;
- баштуу ачкыч менен тактоочу башы үзүлгөнчө бурама тартылат - бул иш жүрүш аткарылгандан кийин бурама чыңалуу астында болушун эске алуу керек.

2) АМКА (же ошого окшош РФда жасап чыгарылган) зымдар үчүн SL түрүндөгү кыскычтар:

- кыскычтардан коргоочу каптары чечилет. Кыскычтардын тартуучу бурамаларын тиштеринин арасындагы пайда болгон боштукка жаңы зым оңой киргендей кылып бошотулат;
- зымдын учу каптын тышына чыкпагандай болушу керек;
- кыскычтар зымда кармалып тургандай абалда бурамалар кол менен тартылат;
- жаңы зым кыскычтары менен оңдолуучу зымдагы орнотулуучу жерге такай алып келинет;
- оңдолуучу зым кыскычтардын тиштеринин арасындагы боштукка жаңы зымга каршы тараптан киргизилет;

- кыскычтардын атайын кармагычын колдонуп эки кыскычтын тең бурамалары ачкыч менен тартылып бекилет - бурамалардын тартылуу учуру кыскычка болгон техникалык иш кагаздардагы же кыскычтын тулкусунда көрсөтүлгөн маанилерге туура келиши керек.

3) Тийимдик бети жылмакай болгон бутактоочу кыскычтар:

- зымдын бөлүгүнүн кыскычтар орнотулуучу жерлери капталмалоочу каптоолордон тазаланылып ташталат;

- бул бөлүктөр майлоочу май менен майланып жана темир сүрткү менен тазаланат;

- жогоруда көрсөтүлгөн тартип боюнча зымдын оңдоолору жүргүзүлөт.

56. Оңдолуучу бөлүккө зымдын жаңы кесиндиси орнотулгандан кийин оңдолуучу бөлүк капталмаланган сабы бар атайын кайчы менен кесилип ташталат; зымдын бош учтарына коргоочу калпакчалар кийгизилип коюлат; кыскычтарга коргоочу каптар орнотулуп коюлат; пластмасса шынаалар алынып ташталат; фазалык зымдын жаңы бөлүгүн калган өрүмдөгү кыскычтардын эки тарабынан тең 15-20 см аралыкта бекитүүчү тасма же пластмасса каамытчалар менен бириктирип бекитилет.

## § 6. Зымдардын узартылган бөлүгүн оңдоо

57. ӨӨККЗынын узун бөлүгүндөгү (узундугу 1м ден ашкан) КАЧтын бир нече зымынын капталмаланган тышынын механикалык жабыркаганы же күйгөнү аныкталса аны ыкчам арада алмаштыруу зарыл.

Жумуш, эреже катары, чыңалууну алып салуу менен жүргүзүлөт.

КАЧтын оңдолуучу бөлүгүндөгү чыңалуунун жоктугун текшергенден кийин жумуш орду зымдарга атайын бутактоочу кыскычтар менен кошулуучу которулма жердеткичтин жардамы менен жердетилиши керек.

58. ӨӨККЗынын жабыркаган бөлүгүнүн оңдоолорун, эреже катары, жерде, төмөндөгү ирээтте жүргүзүү керек:

- бутактоочу кыскычтардан таячнычтардагы баардык бутактамалардын зымдарынын учтарын бошотуу менен КАЧтын зымдары убактылуу чечип коюлат;

- бир же эки таячнычдагы кармап туруучу кыскычтардан (жабыркаган орунга жараша) көтөрүп туруучу нөлдүк зымды чыгарып алуу керек. Жардамчы аркандар менен ором жерге түшүрүлөт.

Мындай учурда зымдын каптамасынын кошумча жабыркоосуна жол бербөө үчүн чаралар көрүлүшү керек: өрүлмөнүн таячнычтын, имараттардын, курулмалардын тышына сүрүлүүсүн болтурбоо, зымды бир гана төшөмдөргө жайгаштыруу.

59. ӨӨККЗынын омоктук (акыркы учтук) бекитүүчү жерлери оңдолуучу жерден экиден көп таячнычтын аралыгынан алыстаган учурда, аралыктагы таячнычдагы КАЧты бойлой оңдолуучу жерге жакынкы

таячнычтардан тарткычтар менен бекемдөө керек, андан соң төмөндөгү иш аракеттер жүргүзүлүшү керек:

- бул таячнычтарда көтөрүп туруучу зымга омоктук (акыркы учтук) бекиткичтердин топтомун орнотуу керек;

- орнотуучу кыскычтын (орнотуучу кыскычтын түрү ӨӨККЗынын түрүнө туура келиши керек) жана зым аркандуу кол тартманын (жүк көтөрүмдүүлүгү 500даНдан кем эмес) жардамы менен көтөрүп туруучу зым кармап туруучу кыскычтан омоктук ажырымдуу кыскычка ирээти менен эки четки таячнычта тен которулат;

- орнотуучу кыскычтар жана колтартмалар чечилип алынат, бул учурда кармап туруучу кыскычтарды чечпеш керек.

60. Жабыркаган бөлүктүн эки тарабынан тең кошуучу кыскычтардын орнотулуучу жерлери белгиленип коюлат. Кыскычтардын орнотулуучу жерлерин белгилөө учурунда бири-бирине жакын турган кыскычтардын аралыктары 0,2м кем болбошу керек. Акыркы белгиден 1м аралыкта (омоктук бекитүү тарапка) көтөрүп туруучу нөлдүк зымга эки жагынан тең орнотуучу кыскычтар орнотулат, аларга колтартманын жардамы менен жабыркаган бөлүктөн толук тартылуу өткөрүлүп берилет.

Көтөрүп туруучу зымдын орнотуучу кыскычтардын ортосундагы бөлүктө тартылуусу болбошу керек.

61. Коюлган белгилер боюнча ӨӨККЗынын өрүлмөсүнүн жабыркаган бөлүгү алынып ташталат, көтөрүп туруучу зымы менен кошо. Алмаштыруу үчүн ошондой эле узундуктагы жана бирдей түзүлүштөгү өрүлмөнүн жаңы кесиндиси даярдалат. Кошуучу кыскычтар жыйнакталып даярдалат.

62. Кошулуучу зымдардын баардыгынын учтары каптамасынан кошуучу кыскычтын түрүнө жараша болгон узундукта тазаланат; зымдардын капталмаланбаган бөлүктөрү майлоочу май менен шыбалып жана темир сүрткү менен тазаланат.

63. Кыскычтарга зымдардын учтары киргизилет. Кошуучу зымдардын белгилөөлөрүнүн тууралыгы текшерилет. Капталмаланган тышы бар кыскычтар пайдаланган учурда кыскычтарга жакын зымдардын капталмаланбаган бөлүктөрү жок экендигине көз жеткендей болуу керек. Кол жубаздагыч менен баардык капталмаланган зымдардын кыскычтары биринин артынан бири жубаздалып бекилет өрүлмөнүн алмаштырылуучу бөлүгүнүн эки тарабынан тең (эгерде жубаздалуучу кыскычтар колдонулса).

64. Зымдарды кошуу үчүн капталмаланган тышы жок жубаздалуучу кыскычтар колдонулушу мүмкүн, ошондой эле автоматтык кыскычтар, алардын жубаздалышы талап кылынбайт.

65. Өрүлмөнүн келбетин сактоого жана анын жанып бытырап кетүүсүн болтурбоо үчүн кошуучу кыскычтардан 0,2 м аралыкта абалды сактоочу пластмасса каамытчалары орнотулат же бириктирип туруучу тасма менен оролуп коюлат.

66. Колтартамын тартылуусун бошотуп, орнотуучу кыскычтар жана колтартма чечилип алынат. КӨКЗынын оңдолгон өрүлмөсүн таячнычка

(таячнычтарга) көтөрүп, көтөрүп туруучу зым кармап туруучу кыскычка, бутактоочу кыскычтардын абалдары, аларды оңдоогө чейинки абалына туура келгендей кылынып жаткырылат. Убактылуу омоктук бекиткичтер топтому, орнотулган таячнычтардан, аларды 59-пункта көрсөтүлгөндөрдөн тескери ирээтте чечилип алынат.

67. Таячнычтардан тарткычтар жана жердетүүчү түзүлүштөр чечилип алынат; зымдардын фазаларынын дал келүүлөрү текшерилет; электр жабдуунун түзмөгү калыбына келтирилет.

**5-глава. КАЧтарды иштетип пайдалануудагы сыноолор жана өлчөөлөр**

68. КАЧтар төмөнкүлөрдө сыналат:

1) Пайдаланууга берүүнүн алдында.

2) Пайдалануу учурунда.

Пайдалануу учурундагы сыноолордун мезгилдүүлүгү төмондөгүдөй:

- биринчиси - КАЧтын пайдаланууга берилгенден кийин - бир жылдан кийин;

- андан кийин - керек болгон учурда (оңдоолодон, жаңытоолодон, жаңы керектөөчүлөрдүн кошулгандан кийин ж.б. учурларда).

69. КАЧтын каптамасын сыноо, ӨӨККЗнын тамырчатармдарынын каптамаларын, алардын кошулмаларынын жана бутактамаларынын капталмалары 2500 В чыңалуусундагы мегаомметр менен керек болгон учурда, бирок 6 жылда 1 жолудан сейрек эмес убакыттарда жүргүзүлөт.

70. Нөлдук зымдын баардык жердетмелеринин жалпы, ошондой эле жерден жеткиликтүү бурамалык кошулмалуу тышкы жердетүүчү түшмөлөрү бар таячнычтардагы жердетмелердин каршылыктарын өлчөө - 6 жылда 1 жолудан сейрек эмес убакытта жүргүзүлөт. Мындайда өлчөөлөр топурактын эң кургак мезгилдеринде жүргүзүлөт.

71. Жердетмелердин абалын казып ачып көрүү менен текшерүүлөр темир-куйматаштуу таячнычтардын тандалган 2%да, алардын жабыркоого мүмкүн болуучу жерлеринде жана терс таасирлүү топурагы менен болгон жерлерде, калктуу конуш жерлеринде каршылыкты өлчөө менен 12 жылда 1 жолудан сейрек эмес убакытта жүргүзүлөт.

72. КАЧтардын жердетилүүчү бөлүктөрү жердеткичтердин ортолорундагы чынжырдын бар экендигин карап көзөмөлдөө жыл сайын пландык кароолор учурунда жүргүзүлөт, ошондой эле КАЧтын фазалары боюнча чыңалуунун өйдө-ылдый болгон учурунда.

73. Нөлдүк зымга болгон бир фазалуу чукул чабыш агынын өлчөө КАЧтын зымынын (же анын бөлүгүнүн) кесилишин же узундугун өзгөрткөн учурда жүргүзүлөт, бирок 12 жылда бир жолудан сейрек эмес. Өлчөөлөрдүн жыйынтыктары протокол менен таризделип КАЧтын күбөнаамасына тиркелет.

74. КАЧ зымдарындагы жабыркоолорду издөө, каптамалары жабыркаган тамырчатармдарды жана жабыркаган жерди аныктоо үчүн

жүргүзүлөт. Жабыркаган тамырчарамдарды аныктоо ар бир агын өткөрүүчү тамырчатарамдын нөлдүк зым менен жана агын өткөрүүчү тамырчарамдардын ортолорундагы каптамаларынын сыноолорун салыштыруу менен 2500 Втук мегаомметр менен чубалгыдан баардык кардарларды ажыратуудан (өчүрүүдөн) кийин жүргүзүлөт. 0,38 кВ КАЧындагы жабыркаган жерди аныктоо ыкмалары каптама зымдардыкындай (кабелдердикиндей) эле болот. Жабыркаган аймакты аныктоо үчүн шыктандыруучу (импульстук) ыкма колдонулат, ал эми жабыркаган жерлерди аныктоо - индукциялык жана угуумдук (акустикалык) ыкмалар менен жүргүзүлөт. КӨКЗны сынагандан кийин баардык зымдар кыска мөөнөткө жердетилет калдык дөрмөттү алып салуу үчүн.

**1-Тиркеме**

## 0,38 кВттук КАЧтарды тейлөө үчүн керектүү ыкташтырмалар жана жабдыктардын тизмектемеси (сунушталуучу)

| № и/м | Аталыштары | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Эпкерлик кур | 1 |
| 2 | Жыгач туркүккө көтөрүлүү үчүн айкалыштырылган эпкерлик тырмакчалар | 1 жуп |
| 3 | Темир-куйматаштуу таячнычка көтөрүлүү үчүн чыкма | 1 жуп |
| 4 | Агын өткөзбөөчү мээлей | 1 жуп |
| 5 | Сынбас айнектүү коргоочу көз айнек | 1 |
| 6 | 1000 В чейинки чыңалуунун көрсөткүчү | 1 |
| 7 | Кебез колкап | 1 жуп |
| 8 | Көтөрмө жердеткич | 2 |
| 9 | 200 мм айкалышма балыкооз аттиш | 1 |
| 10 | Үзундугу 200-250 мм өгөө | 1 |
| 11 | 4-6 мм бурагыч | 2 |
| 12 | 200 мм аттиш | 1 |
| 13 | Чоңойтулуп-кичирейтилүүчү № 2- же № 3-бурамалык ачкыч | 1 |
| 14 | 150 мм кескич | 1 |
| 15 | 0,5 кг слесардык балка | 1 |
| 16 | Эпкерлик бычак | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | Бүктөмө метр | 1 |
| 18 | Шаймандар үчүн эпкерлик баштык | 1 |

**2-Тиркеме**

## Капталмаланган өзүн-өзү көтөрүп туруучу зымдарды куруп-чогултуу жана оңдоо үчүн атайын ыкташтырмалар, түзүлүштөр жана шаймандардын тизмеси

| № и/м | Аталыштары | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Зымды жандырууга арналган жүк көтөрүмдүүлүгү 1000 даН болгон капрон аркандуу колтарткы | 1 |
| 2 | Тартуучу түзүлүш (топтому):<br>- жүк көтөрүмдүүлүгү 550 даН болгон колтарткы, таячнычка бекитилүүчү түйүн, динамометр, орнотуучу кыскычтар (4 даана), түйүндөрдү мүчөлөштүрүүчү тетиктер (илмеиймек) | 1 топтом |
| 3 | Ажыратуучу пластмасса шынаалары | 2 топтом |
| 4 | Зымдан каптаманы тазалоочу бычак | 1 |
| 5 | Зым кесүүчү кайчы | 1 |
| 6 | Тартуучу байпакча | 1 |
| 7 | Айландырма | 1 |
| 8 | Кырчоолук болот тасманы кесүүчү жана тартуучу түзүлүш | 1 |
| 9 | Кыскычтарды чогултуп орнотуучу шаймандардын жыйнагы: 8, 10, 13 жана 17- баштардын тобу менен болгон динамометрикалык ачкыч, алты кырдуу 6ммлик ачкыч; кыскычтардын кармагычы | 1 топтом |
| 10 | Алюминий тамырчатармдарын тазалап жана майлоо үчүн керектүү топтом | 1 топтом |
| 11 | 13-17мм үстөмө ачкыч | 1 |
| 12 | 13-17 мм баштуу ачкыч | 1 |
| 13 | Жыгач балка | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 14 | Убактылуу бутактамаларды же жердетмени жасоого арналган бутактоочу кыскычтар | 8 |
| 15 | Кырчоолук болот тасма | |
| 16 | Жандыруучу арканды чогултуучу челек | 1 |
| 17 | Абал бекитүүчү пластмасса каамытчалары | 10 |
| 18 | Өзү чапталма абал бекитүүчү тасма | |
| 19 | Капталмалоочу өзү чапталма тасма | |

Мазмуну


| | |
|---|---|
| 1-глава. Жалпы жоболор | 1 |
| 2-глава. 0,38 кВтук КАЧтардын түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрү | 1 |
| 3- глава. 0,38 кВтук КАЧтарды техникалык тейлөө жана оңдоо | 3 |
| § 1. Техникалык тейлөө | 3 |
| § 2. Оңдоолор | 9 |
| 4- глава. Ондоолор учурундагы кээ бир жумуштарды аткаруу | 11 |
| § 3. Таячнычтагы омоктук (акыркы учтук) кыскычты оңдоо | 11 |
| § 4. Имаратка, курулмага кетүүчү бутактоочу зымды оңдоо | 14 |
| § 5. Фазалык зымдын таячнычтардын аралыгында жабыркаган бөлүгүн оңдоо | 13 |
| § 6. Зымдын узун бөлүгүн оңдоо | 14 |
| 5- глава. КАЧтарды пайдалануу иш жүрүшүндөгү сыноолор жана өлчөөлөр | 18 |
| 1-тиркеме. 0,38 кВ КАЧтарды тейлөө үчүн керектүү ыкташтырмалар жана жабдыктардын тизмектемеси (сунушталуучу) | 20 |
| 2- тиркеме. Капталмаланган өзүн-өзү көтөрүп туруучу зымдарды куруп-чогултуу жана оңдоо үчүн атайын ыкташтырмалар, түзүлүштөр жана шаймандардын тизмеси | 21 |


Шарттуу кыскартуулар

КАЧ – капталмаланган зымдуу аба чубалгылар (ВЛИ)
ӨӨККЗ – өзүн-өзү көтөрүүчү капталмаланган зымдар (СИП)